**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТҮП РАЙОНУ**
**КАРАСАЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТЮПСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРАСАЕВСКОГО АЙЫЛЬНОГО**

---

**Карасаев айыл аймагынын айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын кезексиз IV-сессиясы**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын«03» апрели №17 Миң -Булак айылы**

**Мал кайтаруу,айдоо- себүү кызматтарынын бааларын бекитүү жана патенттик негизде иш алып баруу жөнүндө.**

Карасаев айыл аймагындагы мал ээлери менен малчылардын,ошондой эле жер иштетүүчүлөр менен механизаторлордун ортосундагы мамилелерди тартипке келтирүү,жазгы талаа иштерин өз убагында өткөрүү жана салыктык мыйзамдарды аткаруу максатында, Карасаев айыл аймагынын айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын кезексиз IV-сессиясы **токтом кылат:**

**Мал кайтаруу акысы:** 2026-жылдын жайыт мезгилине карата малчылар үчүн мал кайтаруу акысынын ( биринчи наркы) төмөндөгүдөй өлчөмдөрдө бекитилсин.
Карасаев айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы М. Б Бакасовдун сунуштаган баасы №01,№02,№03 тиркемесинин негизинде бекитилсин 2026-жылдын 08-апрелиндеги №01-6/530 .

**Техникалык кызматтар (**механизаторлор):Жазгы талаа иштериндеги техникалык кызматтардын 1 гектар үчүн максималдуу баалары Карасаев айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы М. Б Бакасовдун берген №04 тиркемесинин негизинде бекитилсин. 2026-жылдын 08-апрелиндеги №01-6/530 .

**Патентөө жана Салыктык тартип:**

Кызмат көрсөткөн баардык малчылар жана механизаторлор Кыргыз Республикасынын Салык Кодексине ылайык, ишмердүүлүгүн баштоодон мурун милдеттүү түрдө патент жана камсыздандыруу полисин алуусу шарттуу түрдө милдеттендирилсин.

-Карасаев айыл аймагынын айыл өкмөтү, Карасаев айыл аймагынын айылдык кенеши, “ Ийгилик ” муниципалдык ишканасы менен биргеликте 3 тараптуу бекитилген келишимге : патент,камсыздандыруу полиси,бекитилген малдын баасынын өлчөмдөрүн так аткаруулусу тууралуу ар бир ишкерден кат жүзүндө милдеттенме алынсын.

-Айыл өкмөтүнүн салык адистерине патентсиз иштеп жаткан жактарды аныктоо жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү тапшырылсын.

**Коопсуздук жана жоопкерчилик:**

-Малчылар жана механизаторлор менен түзүлгөн келишимдерде тараптардын жоопкерчилиги ( малдын амандыгы,жумуштун сапаты) так көрсөтүлүүсү айыл өкмөтү тарабынан көзөмөлгө алынсын.

-Сессиянын күн тартиби белгиленип Карасаев айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы М. Б Бакасовко эскертилгендигине карабастан айыл – айылдарды малчылар менен айылдык жыйналыштар болбогону жана сессияга жогоруда көрсөтүлгөн баалар сессияга бекитип берүү боюнча даярдалып келбегендигине байланыштуу 2026-жылдын 07- апрелине чейин берилсин.

Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Карасаев айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы М. Б Бакасовко жана Карасаев айыл аймагынын айылдык кенештин бюджет,экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

Токтомго кошумча “ Типтүү келишимдин үлгүсү” тиркелсин жана анда мал жоголсо

же техника сапатсыз айдаса ким жооп берери жазылсын.
Токтомго баалары механизаторлор жана малчылар менен Карасаев айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы М. Б Бакасов менен өткөрүлгөн “ тегерек стол” же чакан жыйналыштын жыйынтыгын, күйүүчү майдын баасын эсепке алуу менен орточо баа жазылганы тиркелсин. 2026-жылдын 07- апрелине чейин .

Токтомду каттоого алуу жагы Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигине жиберилсин.

**Төрайым** **Н. А Амасбаева**